2.12.2021г. 1723

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ
ОШ ОБЛУСТУК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКАТ РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ
715330 Ноокат шаары. Ош көчөсү 50.
Тел: 102. Факс: 03230 5-21-02.

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ОШСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ НООКАТСКОГО РАЙОНА
715330 город Ноокат.
ул.Ошская 50. тел:102, факс:03230 5-21-02

Чыг. № 8/8866
«02» 12 2021-жыл

**№4 Көк-Жар шайлоо округунун төрагайымы Гиниятуллина В.М.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндөгү” 2021-жылдын 29-авнгустундагы ПЖ №370 Жарлыгы менен 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогоку Кеңешинин жаңы чакырылыштагы депутаттарын шайлоо боюнча Ноокат районунун аймагында Ноокат жана Көк-Жар шайлоо округдары түзүлгөн.

2021-жылдын 1-декабрь күнү “Facebook” социалдык тармагы аркылуу “Алтынбек Алимбаев” аттуу жаран өзүнүн баракчасы аркылуу макала жана фото жарыялаган, №4 Көк-Жар шайлоо округуна караштуу Төө-Моюн участкасында шайлоо жокко чыксын! Урматтуу Коопсуздук кеңештин төрагасы Марат Иманкулов жеке көзөмөлүнүзгө алып, №4 Көк-Жар шайлоо округуна караштуу Төө-Моюн участкасында шайлоону жокко чыгарып бериниздер. Мындан сырткары О.Бакиров Төөлөс айыл өкмөтүндөгү штаб башчысына 4 миллион сом берген!!! деп билдирген.

Андан сырткары 0773 101281 абоненттик номери WhatsApp тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын БШКнын ыкчам аракеттенуунун координациялык тобуна WhatsAp байланышындагы “Салиев биримдиги” группасындагы кат алышууларда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты жана Жогорку Кеңешктин депутаттыгына талапкер О.Бакиров 2021-жылдын 8-ноябрында үгүт иштеринин жүргүзүп эл менен Төөлөс айылынын маданият үйүндө жолугушуусунда, Республикалык бюджеттен У.Салиева атындагы орто мектебинин ремонту үчүн 4 миллион сом бөлдүрүүгө көмөк көрсөтүүнү билдиргендигин. Бул аракеттери Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамынын 21-беренесинин талаптарына туура келбегендигин билдирген.

Аталган факт боюнча топтолгон материалдар 2021-жылдын 1-декабрь күнү саат 16:00 до Ноокат РИИБдин маалыматтарды эсепке алуу журналына 02-040-2021-001755 саны менен катталып, териштирүү иштери башталган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине бир мандаттуу №4 Кок-Жар шайлоо округунан талапкер Бакиров Омурбек Мырзараимовичтин 2021-жылдын 8-ноябрь күнү Ноокат районунун Тоолос айыл аймагындагы маданият уйундо эл менен жолугушуу учурунда, “У.Салиева” орто мектебинин капиталдык ремонтуна Республикалык бюджеттен 4 000 000 (торт миллион) сом акча котортуп койдум деп айткандыгы аныкталган.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жонундо кодексинин 65-беренесинде Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу корсотулгон.

Андыктан О.Бакировдун аракеттерине карата шайлоо комиссиясы тарабынан баа берилууго жаткандыктан, материалды жиберет.

*Тиркемеде: 1 даана DVD диск тиркелет.*

Начальник
милициянын полковниги — А.Мурзалиев.